№50 «Пионердин 50 жылдыгы» орто мектебинин мугалимдеринин

# Адеп кодекси

## Биздин мектептин кызматкери катары мен дайыма;

- Өз окуучуларыма сыйлайм;
- Окуучуларды окутуунун жаңы жана натыйжалуу ыкмаларын табу үчүн өз кесиптик көндүмдөрүмдү өнүктүрөм
- Улутуна,жынысына,материалдык абалына карабай окуучулардын бардыгына бирдей мамиле кылып окутам;
- Окуучулардын физикалык,эмоцаналдык,интеллектуалдык жана руханий өнүгүсүнө көмөктөшөм;
- Балдар өз потенциалын толук кандуу ишке ашыра алыш үчүн,окуучулардын ар түрдүү керектөөлөрүн эске алып,окуу программасы аларга ыңгайлаштырам;
- Билим берүүнүн мамлекттик стандарты жана окуу программасы менен байланышкан окутуу максаттары так коюлган сабактарды өткөрөм;
- Класста кызыктуу жана позитивдүү окутуу чөйрөсүн түзөм;
- Окуучулардын жумуштарын объективдөө,чнчыл жана ачык баалайм;
- Окуучуларды маанилүү социалдык маселелерге сын көз караш менен маани берүүгө мотивациялайм;
- Ата-энелерди балдардын тарбиялануусу джана окуп-үйрөнүүсү тууралу маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине тартам жана алардын купуялуулук укугун сыйлайм;
- Өз кесиптик кызыкчылыктарымды жүрүм-турумдун адеп ченемдерине туруктуу жана жоопкерчиликтүү мамиле кылуу аркылуу сактайым;
- Кесиптештеримди сыйлайм,жамаат менен тыгыз кызматташтык жана өз ара аракеттенүү аркылуу окуучуларды сапаттуу окутууга көмөктөшөм:
- Насаатчылыкка активдүү катышам жана мугалимдердин жаңы башталган ишмердигин колдойм;
- Эгерде кесиптештеримдин бирөө бул Адеп кодексинин жоболорун бузса,өз оюмду ачык айтам.

## Мектепте мугалим болуп иштөөнүн 10 себеби

| | |
|---|---|
| 1 | Мектепте балдар үчүн иштесе болот. |
| 2 | Сиз өз предметиңизди абдан жакшы көрөсүз |
| 3 | Мугалимдик кесип башка кесиптерге караганда көбүрөөк жеке канааттанууну берет |
| 4 | Сиз балдардын жашоосун жакшырткыңыз келет. |
| 5 | Сизде башкалар менен бөлүшө турган көп нерселер бар |
| 6 | Сиз окуганды жакшы көрөсүз. |
| 7 | Сиз өзүңүздүн жашөөңүздү адамдарга арнабай жашай албайсыз. |
| 8 | Тегерегиңизде окуткусу келбеген мугалимдер абдан көп. |
| 9 | Жаштар менен жаш бойдон каласыз |
| 10 | Жайкы дем алуу көп адамдардын эс алуусунан узак болот. |

## Мектеп мугалимине коюлуучу кесиптик чеберчилик талаптары :

- Окуучуларды окутууну педагогикалык кырдаалдарды жана окутулуучу сабактын өзгөчөлүгүн эске алуу менен жогорку илимий жана усулдук деңгээлде өткөрөт.
- Окуучуларды окутуунун ар түрдүү формаларын, усулдарын жана каражаттарын колдонот.
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде окутуунун жаңы технологияларын жана автордук жалпы билим берүүчү программаларды, усулдук колдонмолорду иштеп чыгат жана колдонууга киргизет.
- Өз предмети боюнча окуу материалын пландаштырат, билим берүүчү программалардын аткарылышын жана окуучулардын Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талап тарындагы негизги деңгээлге жетүүсүн камсыздайт, окуучуларда билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырат, алган билимдерин иш жүзүндө колдоно алышына даярдайт.
- Окуучуларды предметтик олимпиадаларга жана сынактарга катышууга даярдайт.
- Окуучулардын көчүрүү сынактарын (экзамендерин) өткөрөт, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясына катышат.
- Мектеп документациясын өз убагында жана туура толтурат.
- Пед. кеңештердин, усулдук бирикмелердин ж.б. чогулуштарына активдүү катышат.
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикасын окуп-үйрөнүү боюнча иштерди алып барат, «Манас» эпосунда берилген жалпы адамзат пинциптеринин жана кыргыз элинин, республикада жашап жаткан башка элдердин эң жакшы адаттарына негизделген окуу-тарбия иштерин жүргүзөт.
- Окуу планынын мектеп компонентин ишке ашырат жана ийримдерди жетектейт.

- Окуучулардын ата-энелери менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт.
- Класстын абалына байкоо жүргүзөт жана класс жетекчиге маалымат берип турат.
- Окуучулардын жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдейт, алардын жетишүүсүн талдайт, ошондой эле окуу тартибин жана сабактарга катышуу тартибин көзөмөллөйт.
- Өз кесиптик жана чеберчилик даярдыгын үзгүлтүксүз жогорулатип турат.
- Балалыкты, бойго жете элек балдардын укуктарын, кызыкчылыктарын коргоо, кооп суздук техникасы, санитардык-тазалык тартиби, окуучулардын эмгек укуктарын коргоо жана мектептин материалдык-техникалык базасын сактоо боюнча талаптарды аткарат.
- Окуучулардын окуу китептери менен камсыздалышын жана колдонулуучу окуу китеп теринин сакталышын көзөмөлдөйт.
- Тиешелүү предмет боюнча окуу кабинетинин заманбап жабдыктар жана дидактикалык окуу материалдары менен жабдуу планын иштеп чыгат.
- Сабакта жана класстан тышкары иш чараларды жүргүзүү учурунда окуучулардын өмүрү менен ден соолугунун сактыгына жеке жооп берет.

**МУГАЛИМ:**

- КР нын Конституциясын жана КР нын символикаларын, «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарды жана башка окуучуларга билим жана тарбия берүү боюнча нормативдик, укуктук документтерин;
- Жалпы теориялык предметтердин негизин педагогикалык жана илимий-усулдук маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон көлөмдө;
- Педагогиканы жана педагогикалык психологияны, социалогиянын, физиологиянын жана балдардын гигиенасынын негиздерин;
- Дүйнөлүк жана өлкөдөгү педагогикалык илимдин жана практиканын жетишкендиктерин;
- Окуучуларга билим жана тарбия берүү маселелери боюнча мамлекеттик институттардын жана коомдук уюмдардын функцияларын жана укуктарын;
- Баланын укуктары жөнүндө Конвенцияны жана педагогикалык адептин ченемдерин.
- Коопсуздук техникасын жана өрттөн коргонуу эрежелерин билиши керек.